ISSN 1694-7649

# НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА



ISSN 1694-7649

**ЖУРНАЛ «НАУКА И ТЕХНИКА» ОСНОВАН В 1993 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ» В 1996 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА» В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО**

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА

## № 8, 2016

1

БИШКЕК 2016

*Дуйшеев Ж.А, Дооранов Н.А.*
ТҮШТҮК-БАТЫШ КЫРГЫЗСТАН 1916-ЖЫЛДА....................200
*Дуйшеев Ж.А, Дооранов Н.А.*
1916 ГОД НА ЮГО-ЗАПАДЕ КЫРГЫЗСТАНА...200
*J.A. Duisheyev, N.A. Dooranov*
1916 IN THE SOUTH-WEST OF KYRGYZSTAN...200
*Дуйшеев Ж.А., Бердиев А.Т.*
ТҮШТҮК-БАТЫШ ЗАМАНЧЫСЫ ЖЕ ТУЯК ОЙЧУЛДУН "ЗАМАНЫ"....................204
*Дуйшеев Ж.А., Бердиев А.Т.*
ЮГО-ЗАПАДНЫЙ МЫСЛИТЕЛЬ ИЛИ О СОВРЕМЕННОМ МЫСЛИТЕЛЕ ТУЯКЕ............204
*J.A. Duysheev, A.T. Berdiev*
SOUTH-WESTERN THINKERS OR MODERN THINKER TUYAK....................204

*Канназарова Б.Ү.*
БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН СҮЛҮКТҮДӨГҮ ГУМАНИТАРДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ИНСТИТУТУНА 20-жыл......205
*Канназарова Б.У.*
20 ЛЕТ СУЛЮКТИНСКОМУ ГУМАНИТАРНО-ЭКОНОМИЧЕСКОМУ ИНСТИТУТУ БАТКЕНСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА....................205
*B.U. Kannazarova*
20 YEARS SULUKTA HUMANITARIAN-ECONOMIC INSTITUTE BATGU....................205

*Асанканов А.*
КЫРГЫЗСТАНДЫН КӨП ЭТНОСТУУ КАЛКЫНЫН АРАСЫНДА "КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ" ӨЗҮН-ӨЗҮ АНДООСУН КАЛЫПТАНДЫРУУ - МЕЗГИЛДИН ТАЛАБЫ....................208
*Асанканов А.*
ФОРМИРОВАНИЕ САМОСОЗНАНИЯ "РЕЗИДЕНТА" В МНОГОНАЦИОНАЛЬНОМ НАСЕЛЕНИИ КЫРГЫЗСТАНА - НЕИЗБЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ ВРЕМЕНИ....................208
*. Asankanov*
MULTI-ETHNIC POPULATION, INDEPENDENT FORMATION OF INEVITABLE REQUIREMENT "RESIDENT" TIME....................208

*Бердибаева Н.М.*
ВОЛЛЕЙБОЛДУН КЕЛИП ЧЫГЫШ ТАРЫХЫ ЖАНА УЧУРДАГЫ АБАЛЫ....................212
*Бердибаева Н.М.*
ИСТОРИЯ, ПРОИСХОЖДЕНИЕ И СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ВОЛЕЙБОЛА....................212
*N.M. Berdibayeva*
HISTORY, ORIGIN AND CURRENT STATE OF VOLLEYBALL....................212

*Дехконов Н.*
ИСТОРИЧЕСКИЕ ПАМЯТНИКИ, БЫТ, ТРАДИЦИИ, ОБЫЧАИ - ОБРЯДЫ, ТУРКЕСТАНСКОГО ХРЕБТА....................214
*Dehkonov N.*
HISTORICAL MONUMENTS, DAILY LIFE, CUSTOMS, TRADITIONS - RITUALS, TURKESTAN RANGE....................214

*Айдаркулов К.А.*
УЛУТТУК БОШТОНДУК КҮРӨШТҮН СЕБЕП ЖАНА НАТЫЙЖАЛАРЫ....................217
*Айдаркулов К.А.*
РЕЗУЛЬТАТЫ НАЦИОНАЛЬНОЙ ОСВОБОДИТЕЛЬНОЙ БОРЬБЫ И ПРИЧИНЫ.....217
*K.A. Aidarkulov*
THE RESULTS OF THE NATIONAL LIBERATION STRUGGLE AND THE REASONS....................217

*Бердиев А.Т., Султанова С.Т.*
КЫРГЫЗСТАНДА СОВЕТТИК ДООРДО МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ МАСЕЛЕСИНИН КӨТӨРҮЛҮШҮ....................221
*Бердиев А.Т., Султанова С.Т.*
ВОЗНИКНОВЕНИЕ ПРОБЛЕМЫ СОВЕТСКОЙ ЭПОХИ, ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА В КЫРГЫЗСТАНЕ....................221
*A.T. Berdiev, S.T. Sultanova*
THE EMERGENCE OF THE PROBLEM OF THE SOVIET ERA, THE STATE LANGUAGE IN KYRGYZSTAN....................221

*Анарбекова В.Э.*
АТАКЕ БААТЫР - ЭЛДИКООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА....................224
*Анарбекова В.Э.*
АТАКЕ БААТЫР - В УСТНОМ НАРОДНОМ ТВОРЧЕСТВЕ....................224
*V.E. Anarbekova*
ATACKE BAATYR - IN THE CASE OF FOLKLORE....................224
*Зайниев Р.А.*
КЫРГЫЗДАРДЫН УРУУЛУК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ ОКУМУШТУУЛАРДЫН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ....................227
*Зайниев Р.А.*
ИССЛЕДОВАНИЕ ДОРЕВОЛЮЦИОННОЙ СИСТЕМЫ ПЛЕМЕННЫХ КЫРГЫЗСКИХ УЧЕНЫХ....................227
*R.A. Zayniev*
A STUDY OF PRE-REVOLUTIONARY SYSTEM OF TRIBAL KYRGYZ SCIENTISTS....................227

*Ташбаева Н.К.*
АЛЫМБЕК ДАТКА ЖАНА КОКОН ХАНДЫГЫ..230
*Ташбаева Н.К.*
АЛЫМБЕК ДАТКА И КОКАНДСКОЕ ХАНСТВО....................230
*N.K. Tashbaeva*
ALYMBEK DATKA AND KHANATE OF KOKONDO....................230

*Анарбекова В.Э.*

# АТАКЕ БААТЫР - ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА

*Анарбекова В.Э.*

# АТАКЕ БААТЫР - В УСТНОМ НАРОДНОМ ТВОРЧЕСТВЕ

*V.E. Anarbekova*

# ATACKE BAATYR - IN THE CASE OF FOLKLORE

*УДК: 94(575.2)+39*

*Бул макалада XVIII кылымдын II-жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруусунан чыккан, орус тарыхый булактарында князь деп аталган Атаке Тынай бий уулунун (1738-1815) саясий бытырандылыкта жашаган кыргыз урууларынын башын бириктирүүгө жасаган тарыхый ишмердүүлүгү кошоктордун мисалында каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *кошок, дипломатиялык мамиле, элчилик, казак-кыргыз согушу, кыргыз-калмак салгылашы.*

*В этой статье во II половине XVIII века, из Чуйской долины половина племени сарыбагыш, известного как русских исторических источников называется князь Атаке Тынай бий уулу (1738-1815) выдвигает политическое объединение глав племен, живущих в историческом примере рассматриваются историко кошок из объединить родами.*

***Ключевые слова:*** *панихида, дипломатические отношения, посольство, казахско-киргизская война, кыргызско-калмакская битва.*

*In this article in the II half of the XVIII century, from the Chui Valley Sarybagysh half tribe, known as the Russian historical sources called Prince Attack Tynaev bij uulu (1738-1815) puts forward a political association of heads of the tribes living in the historical example of the considered historical koshok combine childbirth.*

***Key words:*** *memorial service, diplomatic relations, the Embassy will be a war of the Kazakh-Kyrgyz war, Kyrgyz-kalmak war.*

Саясий бытырандылыкта жашаган кыргыз уруулары XVIII к. аягында тышкы саясатта бирдиктүү багыт менен аракеттенүүгө мүмкүнчүлүгү жок эле. Кыргыз урууларынын өз ара келишпес мамилелеринен улам аларга тышкы душмандар коркунуч туудуруп турган.

Атаке Тынай бий уулу (1738-1810-1815) XVIII к II-жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруусунан чыккан бий. Кыргызстандын түнтүгүндөгү кыргыз урууларын башкарган. Орус тарыхый булактарында князь делет [Аристов, 2001: 454-455]. 1718-22-жж кыргыздардын Көл кылаасындагы, Чүй, Талас дарыяларынын бойлорундагы жерлерди Жуңгар хандыгы басып алган. Андыктан атасы Тынай бий жетектеген кыргыз уруулары Түштүк Кыргызстанга, Анжиян шаарына жакын чөлкөмгө жер которууга мажбур болушкан. Алар мал багышып, дыйканчылык кылышкан. Атакенин жетекчилиги менен чабылган арык азыр да бар, «Атаке же Асаке арык» деп аталат (Акаев, 2002: 217).

Атаке баатырдын саясий ишмердүүлүгүн 3 этапка бөлүп кароого болот. 1-этап жунгар-калмак баскынчылары менен болгон салгылышуу; 2-этап казактар менен болгон салгылашуу; 3-этап Кокон хандыгы жана орус падышачылыгы мен... мамиле.

Атаке да, Момокон да, согуш өнөр... Солтонойдон таалим алышкан. Анткени б... кыргыз эрлеринин көбүн эл коргоого, май... тип салгылашып, жеңишке жетишүү жол... лыкпай үйрөткөн [Исаков, 2012: 97]. Бул о... ырында төмөндөгүчө чагылдырылат:

Берендердин Бердике,
Сарбагыштан Атаке.
Саяктардын Садыры,
Солтолордун Момокон [Исаков, 2012:

200 жигитти баштап барган Эр ... Тынайдын 13 жашар уулу Атакени жана ... 13 жашар уулу Момоконду жанына алы... Балта, Ак-Сууда жаткан калмак менен уру... мал алып, жылкыны 100 киши менен ... Солтоной Момоконду жанына алып калган... Белестен тосуп жатканда, бешим убакта А... Жыламыштан Дөңкөнөй баштаган көп калм... урушта Солтоной баштаган 30 киши өлүп, ... качып Кошойго барган. Кыш түшүп калып... калмак уруша албай калган [Солтоноев, 19... 141].

Атаке менен Бердике Анжыянда жүргөн... деринде Эр Солтонойдун колунда маш... өтүшкөн. Атаке баатыр дайыма найза сайы... этме шилтөөчү экен. Бердике жайдак атка... кылыч чаап, айбалта согуп, чаап бара жатка... боорунан өтүп, кайра ордуна минип, ду... алагды кылууга машыккан. Ошентип, бул эк... көнүгүүсү бүткөндө, тегерегине жоокер жиг... чогултуп, аларды жунгарлар басып алган ... Кыргызстанды бошотууга кызуу камынышк... [Солтоноев, 1993: 147].

Атаке баатыр баш болуп, саруу кырг... Бердике баатыр менен бирге 3 миң киши... калмактарга Ашмардан чабуул койгон. Күн б... Көк Жардагы калмактын улугу жаткан үйгө... Бердике атчан туруп, Атаке үйгө кирип ... калмактын улугу керебетте мас болуп жаткан... тартып таштаган. Мунун соңунан чабуул ... кыргыздар жетишип, калмактын мал-мүлкү... көп катын-кызын олжологон. Калмактар ... түндөп үркүп качып, көлдүн башына ... [Солтоноев, 1993:147]. Ошентип, жуңгарла... баштаган жоокерлери менен Чүй өрөөнү... мандардан толук бошоткон. Согуш аракетин... туу менен Атаке баатыр жетектеген жоокерле... Кеминди бошотуп, Тору-Айгыр ашуу... Ысык-Көл өрөөнүнө түшүп, көлдүн түндүк ...

душмандардан тазалаган. Ошентип, 1758-жылы Атаке баатыр калмак баскынчыларынын туткунунан элин бошотконго активдүү катышкан.

Саясий ишмердүүлүктүн 2-этабы Абылай хандын 1770-1775-жж аралыгындагы кыргыздарга болгон чапкыны менен байланышкан. Бул кезде аркалык кыргыздардын басымдуу көпчүлүк бөлүгү Суусамыр, Талас, Чүй, Кемин, Нарын өрөөндөрүн, Ысык-Көлдүн күнгөйү менен тескейин толук ээлеп турушкан. Негизги салгылашуулар Меркеден бери Ашмара (Чалдыбар), Кара Балта, Аксуу жана Сокулук колотторунда жүрүп, ал айкаштар тарыхта "Жайылдын кыргыны" деп аталып калган. Атаке баатыр башка кыргыз баатырларынын алдыңкы сабында өзүнүн жигиттери менен жан аябай салгылашкан. Жайылдын кызы Бегимжан Атаке баатырдын никелүү зайыбы болгон [Өмүрбеков, 2003:15]. Казактар менен болгон салгылашуу Атаке жырыктын кызынын кошогунда төмөндөгүдөй чагылдырылат:

Меркенин башы мээлүүн,
Даранын жолу серүүн.
Эми бу казак келүүн [Валиханов, 1984:264].

1775-1776-жж. Таластан Абылай хан жерине кеткен соң анын аскер баштыктарынан саналган Карагерей Каманбай баатыр Кулжа шаарынын күн чыгыш жагындагы тоолордун бири Эрен кабыргадан келип, Кочкордон жылкы тийип кеткенде сарбагыш кыргызынан Атаке арт жагынан кууп барып, Коргошто жетип катуу согуштан соң жылкысын ажыраткан. Каманбайга Атаке: "сенин ишенген пириң Абылай жок" дейт [Солтоноев, 1993:174]. Бул кошокто төмөндөгүчө баяндалат:

Абылай хандын найзасы,
Коло болуп кайышты.
Атакемдин найзасы,
Карагай болуп майышты.
Куур токум Абылай,
Курдашың беле атакем.
Тери тондуу Абылай,
Теңтушуң беле атакем [Валиханов, 1984: 271].

Стратегдин саясий ишмердүүлүгүнүн 3-этабы Кокон хандыгы жана орус бийлиги менен байланышкан. Анткени, XVIII к. аягынан баштап Түндүк кыргыздарга Кокон хандыгы да кысым көрсөтө баштаган. Кыргыз Анжиан, Алайдан кайтканда толук букара болуп карабаса дагы 1758-68-жылдарда карамакка убада берген. Маселен, сарыбагыш кыргызынан Тынайдын уулу Атаке карамакка чындап убада бергенде ага бир мөөр берген. Андагы жазуу: "Лайла Тулкадырда туулган Атакенин Тынай урушта Үрүстөмдик Жоомарттыкта атымтай" жана башка кыргыздан ар урук өз бетинен киши жиберип турган [Солтоноев, 1993: 176].

Атаке баатырды Кокондун ханы кыйыктап чакыртып барыптыр. Анын эрдин жырыктыгын көрүп, хан айткан: сиз чырай үлөштүргөндө кайда элеңиз, дептир. Атаке жооп берет: "Бакыттын базарында экемин" деп. Ошондо хан ыраазы болуп, мөөр оё турган молдосун чакырып, Атаке баатырга мөөр ой деп буюрду дейт. Мөөрдү казал менен ойгон:

Ыразимда уристами дастан,
Базимде Атамитай.
Лайлатур кадыр кечесинде,
Туулган Атаке ибни Тынай.
Ыразим – уруш Урушта баатырлыгы,
Үрустөм дастандайсың,
Берешендигиң Атамтайдай экенсиң.

Мөөр ойгон молдого Атаке баатыр жанындагы 100 жигитинин аттарын берди дейт. Хан бир короого аттарды каматып коюп, нокто, жип берген жок дейт, эптеп алып чыгып кет деп. Молдо 100 магиртин алып келип, селдеси менен мойнунан байлап алып чыгып кетти дейт. Андижандын жанында Асаке деген кыштак бар, ал Асаке эмес – Атаке деген сөз. Атакеге хан жер берип, алыш алып чыккан, ошол жерге түшкөн кыштакты азыр Асаке дейт [Кемел Шабдан уулу, 1992: 6]. Демек, Атаке баатырдын акылман жана айкөл жол башчылыгын байкаган Кокондун бий, бектери XVIII к. 70-80-жж. аны менен мамиле түзүп, өз таасирине тартууга көп күч жумшаган. Ушундай максатта Кокондук өкүмдар Нарбото бийдин мамилеси жогоруда айтылды. Бирок, Атаке баатыр Кокондуктардын оюу менен болгон эмес.

Россия менен саясий байланыш түзүү аракетин адегенде Чүй боорунда жашаган сарыбагыш уруусунун бийи Атаке баатыр жасаган. Ал көптү билген, өтө кыраакы, акылмандыгы менен эл ичинде чоң кадыр-баркка жеткен өз заманынын мыкты адамдарынан болгон. Россия империясына кайрылып ымала кылуу гана элинин өз алдынчалыгын сактаарына ишинген Атаке баатыр өзүнө караштуу кыргыздардын атынан Россиянын борбору Санкт-Петербургга элчи жиберүү жөнүндө ойго келген. Бул оюн ортого салуу үчүн Атаке баатыр кыргыз элинин оң канатынын курултайын чакырган. Ал учурда Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көлдө, Кочкордо, Нарында, Жумгалда, Ат-Башыда, Тогуз-Тородо, Кетмен-Төбөдө ж.б. жерде жашаган калктардын баары баш ийген.

1785-жылдын 23-августунда Омскиге келип жеткен кыргыз элчилери Абдырахман Кучаков жана Шергазы Сибирь генерал-губернаторуна Атаке баатырдан кат жана эки аргымак, Екатерина IIге атайын расмий кат, бир кул, үч илбирстин жана беш сүлөөсүндүн терисин алып келген [Плоских, 1970: 38]. 1785-жылдын 29-декабрында Санкт-Петербургга келишкен. Екатерина II 1786-жылы 15-мартта гана кабыл алат [Сапаралиев, 1995: 122]. Анда алып барган белектерин салтанаттуу аземде тапшырышат [Воропаева, Джунушалиев, Плоских, 2001: 24].

Катта Атаке баатыр Россиянын император айымын урматтаары, кыргыз жери аркылуу Орусияга жана (ал жактан бул тарапка) соода кербендеринин ээн-эркин өтүшүнө, коопсуздугун коргоого кепил болоору жөнүндө жазылган. Екатерина II алгачкы кыргыз элчилерин жылуу кабыл алып өз тарабынан Атаке баатырга жана ал бийлеген кыргыз элине колдоо көрсөтөөрүн билдирген. Император айымдын жообу атайын (ыраазычылык билдирген) кат

түрүндө көп өтпөй Атакеге жөнөтүлгөнү маалым. Жооп каттан тышкары Атакенин белектери үчүн 500 сом жана тартуу катары 300 сом күмүш акча жибертет [Взаимосвязи киргизского народа с народами России, Средней Азии и Казахстана, 1985:30].

Бирок, Абдырахман элчи кеселдеп кайра сапар тарта албай калгандыктан, атайын жооп катты Атаке баатырга жеткирүү үчүн Омскиден 1787-ж. күзүндө (октябрь) татар Муслум Агаферов баш болгон Абдрахман Нурмамбетов деген казандык көпөстүн соода кербени жөнөтүлгөн болчу. М. Агаферов кеч күздө Чүйдөгү Атакенин айлына келип, кат менен акчалай тартууну Атакенин өз колуна тапшырган.

Кат алгандан бир жыл өтпөй Атаке баатыр биринчи элчилеринин кайтып келишин күтпөй эле, 1788-жылы жайында Омскиге Абдырахман уулу Сатынбай башында турган экинчи элчиликти жиберген [Плоских, 1970: 40]. Алар 2-августта Омскиде орус төрөлөрүнө Атакенин каттарын алып келген [Плоских, 1998]. Омскидеги төрөгө, Екатерина IIге жазган каттарында Атаке баатыр алгачкы элчилеринин дайынын, тагдырын сурап, аларды кайра Кыргызстанга жөнөтүүнү суранган. Бирок кийинки кыргыз элчилеринин ишине жалган жалаа кедерги болгон. Ошол кезде Омскидеги орус бийлигине Орусияга кайтып келе жаткан М. Агафоровдун кербенин Атакенин балдары Солтоной менен Байшүкүр талап алыптыр деген кабар угулат. Бул окуяны териштирүү 5 жылга созулат. Ошого карабастан, Омскидеги аскер акими генерал-поручик Н.Г.Огарев Сатынбай Абдыракман уулун кабыл алып аңгемелешкен.

1789-ж. январда борбордо оорунун айынан үч жыл кармалып калган А. Кучаков шериктерин ээрчитип Омскиге келип, ишти териштирүүгө киришкен. Иш оңолгону калганда Н. Г. Огарев каза болуп, анын ордуна Г.Г.Штрадман дайындалат да Омскиде бийлик алмашат. 1789-ж. 20-июнда мечитте намаз окуп отурган жеринде Абдыракман элчи капилет көз жумат. Ал эми көпөс А. Нурмамбетов орус бийлигине таланган мүлкү табылмайын бейкүнөө элчилерди Омбудан кетирбей кармап туруусун өтүнүп арызданат. Кербенди Орто Жүз казагы Худайменденин төлөнгүттөрү (феодалдык көз каранды кишилер, султандардын, хандын кызматчылары, жан-жигиттери) Тайир Берди менен Ак Кочкор талоон кылганы далилденет.

1793-ж. жазында гана жалаадан арандан зорго арылган кыргыз элчилери Ата Журтка кайтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот [Взаимосвязи киргизского народа с народами России, Средней Азии и Казахстана, 1985: 32]. Демек, жөнөтүлгөн элчилердин имердигинин тарыхый мааниси зор.

Орус мамлекети менен байланыш түзүүгө чоң маани берген.

- Россия императору Екатерина IIге кайрылып, кыргыз элине жөлөк болуусун өтүнгөн жана кыргыз жергеси аркылуу өтүүчү Россиянын кербендеринин коопуздугун камсыз кылуу милдетин ала тургандыгын билдирген;
- Атаке баатыр 1787-жылы орус элчиси Муслим Агафировду коңшу элдердин өкүлдөрүнүн катышусунда салтанаттуу кабыл алган;
- Атаке баатырдын Россия бийлигине жазган 2 - катынын түп нускасы Омск облусттук мамлекеттик архивинде сакталып турат. Катка Атаке баатырдын жеке мөөрү басылган. Мөөр тамчы түрүндө болуп, ичине «Тынай бий абу ибн (уулу) Атаке батур» деген жазуу оюлуп жазылган;

Атаке казак хандары, султандары менен кыр-даалга жараша мамиле түзгөн. Өзгөчө Бүкөй төре менен мамилеси жакшы болгон. Кыргыз санжырасында Атакенин Кокон башчысы Нарбото бийге жолукканы жөнүндөгү аңыз кептер сакталып калган. Ошол кездешүүдө Атаке баатыр акылман башкаруучу, дипломат экенин көрсөткөн. Айрым маалыматтарда Атаке баатыр тубаса коёнэзк төрөлгөн деп айтылса, экинчи бир маалыматта салгылашта үстүнкү эрдине найза тийип, эрини экиге бөлүнүп, тиши ачылып, ыраңы бузулуп калгандыктан оозу мурдун жаап жүргөн деп айтылат. 1825-ж Кокон хандыгынын кысымынан Атаке сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү менен Ысык-Көлгө убактылуу журт которуп кеткен. Анын баласы - Карабек, Карабектен Жантай, Жантайдан - Шабдан. Кийинчерээк кыргыздар Россиянын курамына бириктирилгенден кийин Атаке баатырдын укум-тукуму Атаке болуш тугун түзүшкөн.

**Адабияттар:**


1. Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Очерки истории и быта населения Западного Тянь-Шаня и исследования по его истор. географии. – Б.:Илим, 2001.
2. Акаев А. Кыргыз Мамлекеттүүлүгү жана “Манас” эпосу // Тарыхый иликтөө. – Б.:Учкун, 2002.
3. Валиханов Ч. Ч. Собрание сочинений в пяти томах. Том ... Алма-Ата, 1984.
4. Воропаева В., Джунушалиев Д., Плоских В. М. ... истории Кыргызско-Российских отношений (XVIII-XIX вв.). Краткий курс лекций и метод. пособие/ Под.ред. ... А.Ч. Какеева. – Б.: Илим, 2001. 24-бет
5. Взаимосвязи киргизского народа с народами России, Средней Азии и Казахстана (конец XVIII-XIX ...). Б.:Илим, 1985.
6. Исаков Б. Эр Солтоной кыргыздын улуттук баатыры. Бишкек, 2012.
7. Кызаев А. Атаке баатыр. Бишкек, 2003.
8. Кыргыз тарых энциклопедиясы. Б, 2003
9. Кырызстан-Россия (XVIII-XIX вв.). Сборник документов и материалов. Отв. Ред. В. М. Плоских. – Б.:Илим, ...
10. Сапаралиев Д. Взаимоотношение кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в.– Б.:Илим, ... 122-б; Кырызстан-Россия (XVIII-XIX вв.). Сб. документов и материалов. Отв.Ред. В.М. Плоских.-Б.:Илим, ...
11. Плоских В. М. Первые киргизско – русские посольские связи (1784-1827 гг.). Фрунзе, 1970.
12. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Б.:, 1993.1-к.
13. Шабдан баатыр. Кемел Шабдан уулу. Б.:Учкун, 199...
14. Өмүрбеков Т. Атаке Баатыр Тынай бий уулу. (Тарыхый очерк). Б., 2003.


**Рецензент: к.филол.н. Карымшакова А.**